**БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ**

**УПРАВЛЕНИЕ ОБРАЗОВАНИЯ**
**МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК**

**Б У Й Р У К**

**П Р И К А З**

13.05.2020 №106 **Бишкек шаары**

**2019 - 2020 - окуу жылында Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 21-мартындагы "Кыргыз Республикасында 2020-жылдын 22-мартынан 2020-жылдын 22- апрелине чейин өзгөчө кырдаалды киргизүү" тескемесине, Кыргыз Республикаеынын Президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы "COVID-19 коронавирустук инфекциясы катталган район, шаарларга өзгөчө абал киргизүү жөнүндө" жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 28-апрелиндеги "Кыргыз Республикасынын Президентинин кээ бир чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" жарлыктарынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №361/1 буйругунун негизинде Бишкек шаарындагы жалпы орто билим берүү уюмдарында 2019-2020-окуу жылын уюшкандыкта аяктоо максатында, **буйрук кыламын:**

1.2019-2020-окуу жылы Бишкек шаарынын жалпы орто билим берүү уюмдарында 2020-жылдын 30-майында аякталсын.
2.Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча 2019-2020-окуу жылы үчүн Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү тартиби жөнүндөгү Убактылуу жобого ылайык иш жүргүзүлсүн .
3.Бишкек шаарынын Райондук билим берүү борборлорунун директорлору:
- бул буйрукту аткарууга алышсын;
- жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине буйрук жеткирилсин;
- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнү көзөмөлгө алышсын жана маалыматтык түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн.
-Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү боюнча 2020-жылдын 20-июнунан кечикпей Билим берүү башкармалыгына маалымат жиберишсин.
4.Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жоопкерчилиги райондук билим берүү борборлорунун жана жалпы билим берүү уюмдарынын директорлоруна жүктөлсүн.
5.Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Билим берүү башкармалыгынын башкы адиси Ч.К. Исаковага жүктөлсүн.